КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮНҮН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ ИНСТИТУТУ

ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К 01.17.554 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунун негизинде
УДК: 517.956.6

АРКАБАЕВ НУРКАСЫМ КЫЛЫЧБЕКОВИЧ

ҮЧҮНЧҮ ТАРТИПТЕГИ АРАЛАШ ПАРАБОЛА-ГИПЕРБОЛАЛЫК ТИПТЕГИ ТЕҢДЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЛОКАЛДЫК ЖАНА ЛОКАЛДЫК ЭМЕС ЧЕКТИК МАСЕЛЕЛЕР

01.01.02 – «Дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу»

Физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу диссертациясынын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Ош – 2017

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин «Программалоо» кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи:	физика-математика илимдеринин доктору, профессор **Сопуев Адахимжан**
Расмий оппоненттер:	физика-математика илимдеринин доктору, профессор **Джураев Абубакир Мухтарович**
	физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент **Зулпукаров Алтынбек Зулпукарович**
Жетектөөчү уюм:	М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети, Ош ш., Исанова к. 81а.

Диссертацияны коргоо 2017-жылдын «20» октябрь күнү саат 14^{00} дө 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331 дареги боюнча Ош мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн жаратылыш ресурстары институтунун жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 01.17.554 диссертациялык кеңешинин жыйынында болуп өтөт.

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин Борбордук китепканасында таанышууга болот.

Автореферат 2017 – жылдын «18» сентябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы
ф.-м.и.к., доцент Бекешов Т.О.

Теманын актуалдуулугу. Экинчи, үчүнчү жана төртүнчү тартиптеги жекече туундулуу теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес маселелердин теориясы нымдуулуктун өткөрүмдүүлүк маселелериндеги, аралаш чөйрөлөрдөгү жылуулук алмашуу, курамдуу чубалгылардагы (линиялардагы) электрдик термелүүлөрдүн таркалуусундагы, түтүктөгү илешкээк-серпилгичтүү жана илешкээк-суюктуктардын биргелешкен-ажыралган агымдарынын жараяндарын жана бир тектүү эмес чөйрөлөрдө болуп өтүүчү дагы башка жараяндарды математикалык моделдештирүүдө барган сайын жигердүү пайдаланылып келет.

Колдонулуштарда локалдык шарттардын ордуна, интегралдык мүчөлөрдү кармап турган локалдык эмес шарттар алынган учурлар кездешет. Мисалы, интегралдык шарттар, каралып жаткан чөйрөнүн физикалык мүнөздөмөлөрүнүн аймагы түздөн-түз ченөөлөргө мүмкүндүк бербеген, бирок процесстин мүнөзү жөнүндө кандайдыр бир орточолоштурулган көрүнүштө кошумча информацияларды алууга мүмкүн болгон учурларда пайдаланылат.

Жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемеси үчүн интегралдык шарттарга ээ болгон чектик маселелер алгачкы жолу Дж.Р. Канондун (J.R. Canon) эмгегинде изилденген. Жалпы параболалык теңдеме үчүн интегралдык шарттарга ээ болгон ар түрдүү жалпыланган чектик маселелер Л.И. Камыниндин эмгектеринде каралган. Кийинки эмгектердин арасынан Н.И. Ионкиндин, З.А. Нахушеванын, А.И. Кожановдун, Л.С. Пулькинанын, О.Ю. Данилкинанын жана башка жаратмандардын эмгектерин белгилеп кетебиз, ал эмгектерде экинчи тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн интегралдык шарттарга ээ болгон маселелер изилденген.

Үчүнчү тартиптеги псевдопараболалык теңдемелер үчүн чектик маселелер Римандын функциясын колдонуу менен Д. Колтондун (D. Colton), М.Х. Шхануковдун, В.И. Жегаловдун, Е.А. Уткинанын, В.А. Водахованын, Н.С. Поповдун, Н.Н. Евдокимованын, Н.В. Бейлинанын, К.Г. Кожобековдун жана башкалардын эмгектеринде изилденген.

Аралаш типтеги теңдемелердин теориясындагы жаңы бөлүмдөрдүн бири болуп, аралаш типтеги теңдемелер үчүн чектик маселелер тибин өзгөртүүчү эки сызыкка ээ болгон учурда изилденген бөлүк эсептелет. Бул тематика боюнча М.М. Зайнулабидов, В.Ф. Волкодавов, М.М. Смирнов, К.Б. Сабитов, М.С. Салахитдинов, А.К. Уринов, Б. Исломов, А. Сопуев жана башка авторлор шугулданышкан.

Бирок, интегралдык мүчөлөрдү кармаган локалдык эмес шарты бар чектик маселелер, ошондой эле үчүнчү тартиптеги теңдемелер үчүн типтин өзгөрүшүнүн эки мүнөздөмөлүк сызыгына ээ болгон жалгаштыруу маселелери аз изилденген. Бул эмгекте үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес чек аралык маселелер, жалгаштыруу маселелери тибин өзгөртүүчү бир жана эки сызыкка ээ болгон интегралдык шарттар менен изилденген, ушунун өзү эмгектин актуалдуулугун шарттайт.

Диссертация темасынын мамлекеттик программалар менен байланышы. Эмгек Ош мамлекеттик университетинин фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөр институтунун «Гидроаэродинамиканын, химиялык кинетиканын, жылуулук-масса алмашуу жана жаратылыштын башка кубулуштарынын математикалык моделдерин изилдөө» (мам. катоо № 0005721, 20.04.2012) темасындагы долбоорунун чегинде аткарылды.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.

1. Үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн локалдык чектик маселелердин чечимдеринин жашашын жана жалгыздыгын далилдөө;
2. Үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн интегралдык мүчөлөрдү кармаган локалдык эмес шарты бар чектик маселелердин чечимдеринин жашашын жана жалгыздыгын далилдөө;
3. Тибин өзгөртүүчү бир сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболалык теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес маселелердин бир маанилүү чечилишин далилдөө;
4. Тибин өзгөртүүчү эки сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги аралаш парабола-

гиперболалык теңдемелер үчүн чектик маселелердин бир маанилүү чечимдерин далилдөө.

Изилдөө методу. Теңдемелердин чечимдеринин көрсөтүлүшүн тургузууда теңдеменин тартибин төмөндөтүү, жалгаштыруу маселелери жана интегралдык теңдемелер усулдары пайдаланылды. Чечимдердин жашашын жана жалгыздыгын далилдөө үчүн чектик маселелерди Фредгольм же Вольтерра тибиндеги интегралдык теңдемелердин чечилишине редукциялоо методу, ошондой эле кысып чагылдыруу принциби жана удаалаш жакындаштыруу методу колдонулду.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңычылдыгы. Негизги илимий жыйынтыктар:

1. Үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн интегралдык мүчөлөрдү кармаган локалдык эмес шарты бар чектик маселелердин чечимдеринин жашашынын жана жалгыздыгынын жетиштүү шарттары табылган;
2. Эселүү эмес мүнөздөмөлөргө ээ болгон үчүнчү тартиптеги гиперболалык теңдемелер үчүн чектик маселелердин чечимдеринин көрсөтүлүшү алынган;
3. Тибин өзгөртүүчү бир мүнөздөмөлүк сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес жалгаштыруу маселелеринин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы теоремалары далилденген;
4. Тибин өзгөртүүчү эки мүнөздөмөлүк сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги аралаш параболалык-гиперболалык теңдемелер үчүн чектик маселелердин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы теоремалары тургузулган.

Алынган жыйынтыктардын назарияттык жана практикалык маанилүүлүгү. Диссертациянын үчүнчү тартиптеги аралаш параболалык-гиперболалык типтеги теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес маселелерди изилдөө менен байланышкан жыйынтыктары экинчи, үчүнчү, төртүнчү жана андан жогорку тартиптеги жекече туундулардагы теңдемелер үчүн чектик маселелердин теориясын өнүктүрүү үчүн, ошондой эле жылышкан чөйрөдөгү жылуулук алмашуу кубулуштарын жана процесстерин, түтүктөгү илешкээк-серпилгичтүү жана илешкээк суюктуктардын биргелешкен-ажыратылган агымдарын моделдештирүүдө, жана башка чукул айырмалануучу физикалык касиеттерге ээ болгон эки катмарлуу чөйрөлөрдө болуп өтүүчү процесстерде пайдаланыла алат.

Коргоого алынып чыгылуучу негизги жагдайлар:

- Үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн интегралдык мүчөлөрдү кармаган локалдык эмес шарты бар чектик маселелердин чечимдеринин жашашынын жана жалгыздыгынын жетиштүү шарттарынын тургузулушу;
- Эселүү эмес мүнөздөмөлөргө ээ болгон үчүнчү тартиптеги гиперболалык теңдемелер үчүн чектик маселелердин чечимдеринин көрсөтүлүшүнүн алынышы;
- Тибин өзгөртүүчү бир мүнөздөмөлүк сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги параболалык жана гиперболалык теңдемелер үчүн локалдык жана локалдык эмес жалгаштыруу маселелеринин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы теоремаларын далилдениши;
- Тибин өзгөртүүчү эки мүнөздөмөлүк сызыкка ээ болгон үчүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболалык теңдемелер үчүн чектик маселелердин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы теоремаларынын далилдениши.

Иштин апробациясы. Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий конференцияларда, кафедранын кеңешмелеринде баяндалып жана талкууланып турган, ошону менен катар: «Фундаменталдык жана колдонмо математика» (Бишкек ш., 2010-ж.) илимий мектеп семинарынын ишинде; «Математикадагы асимптотикалык, топологиялык жана компьютердик усулдар» III Эл аралык конференциясында (Ысык-Көл, «Жаштык» эс алуу жайы, 2010-ж.); «The Turkic World Mathematical Society (TWMS) will hold its 4th

Congress» Эл аралык Конгрессинде (Азербайджан, Баку ш. 2011-ж.); академик М.И. Иманалиевдин 80 жылдык юбилейине арналган «Математикадагы асимптотикалык, топологиялык жана компьютердик усулдар» IV Эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., 2011-ж.); «V Congress of the Turkic World Mathematicians» Эл аралык Конгрессинде (Ыссык-Көл, Аврора, 2014-ж.); «Молодежь, наука, технологии: новые идеи и перспективы» студенттердин жана жаш окумуштуулардын I Эл аралык илимий конференциясында (РФ, Томск ш., ТМАКУ, 2014-ж.); Ыссык-Көлдө өткөрүлгөн Эл аралык форумда (Бостери к., 2015-ж.) баяндалып, талкууланган.

Ошондой эле айрым бир жагдайлар «Жекече туундулардагы теңдемелер» (Ош ш., ОшМУ, 2010-2016-жж.) семинарында, жетекчиси – ф.-м.и.д., профессор А. Сопуев; ЖОЖдор аралык «Дифференциалдык теңдемелердин актуалдуу маселелери» илимий семинарында, жетекчиси – ф.-м.и.д., профессор К. Алымкулов (Ош ш., ОшМУ, 2010-2016-жж.); дифференциалдык теңдемелер боюнча семинарда, жетекчиси – ф.-м.и.д., профессор К.С. Алыбаев (Жалал-Абад ш, ЖАМУ, 2010-2016-жж.) талкууланган.

Диссертациянын темасы боюнча публикациялар. Диссертациянын темасы боюнча 8 макала: [1] – [8], үч тезис: [9] – [11] жарыяланган.

Автордун биргелешкен эмгектердеги жеке салымы. Биргелешкен [1] – [3], [10, 11] эмгектеринде маселенин коюлушу илимий жетекчиге таандык, ал эми чечимдердин жашашы жана жалгыздыгы теоремаларынын далилдениши, негизги жыйынтыктарды алуу – авторго таандык.

Диссертациянын структурасы, көлөмү жана кыскача мазмуну: Диссертация киришүүдөн, 10 бөлүмдөн турган төрт баптан, 72 аталыштан турган адабияттар тизмегинен жана корутундудан турат. Бөлүмдөрдүн номерлениши – эки орундуу: биринчи санарип баптын номерин, ал эми экинчиси – бөлүмдүн номерин көрсөтөт. Теоремалардын, формулалардын, мисалдардын номерлениши – үч орундуу: биринчи санарип баптын номерин, экинчиси – бөлүмдүн номерин, үчүнчүсү – анын бөлүмдөгү иреттик номерин көрсөтөт. Тексттин көлөмү 102 бет.

Учурдан пайдаланып, илимий жетекчим, физика-математика илимдеринин доктору, профессор А. Сопуевге маселелерди коюп бергендиги, баалуу жана пайдалуу кеңештери, такай көңүл буруп жана иштин жыйынтыктарды талкуулап берип тургандыгы үчүн терең ыраазычылыгымды жана чын дилимден урматтоомду билдирем.

Иштин кыскача мазмуну.

1-бапта диссертациялык иштин темасы боюнча жалпы эмгектердин баяндамалары жазылган. **1.1 бөлүмүндө** диссертациялык иштин темасына жакын болгон эмгектердин баяндамасы орун алган. **1.2 бөлүмүндө** ушул диссертацияда алынган негизги жыйынтыктардын баяндамасы келтирилген.

Экинчи бапта жекече туундулуу үчүнчү тартиптеги теңдеме үчүн, качан мүнөздөмөлөр теңдемеси эселүү да, эселүү эмес да чыныгы мүнөздөмөлөргө ээ болгон учурда интегралдык шарттарды кармап турган локалдык эмес маселелер каралган.

2.1 бөлүмүндө $D=\{(x,y):0<x<\chi(y),\ 0<y<h\}$ аймагында (1-сүрөт)

$$u_{xxy}-y^p u_y+a(x,y)u_x+b(x,y)u_y+c(x,y)u=0, \qquad (1)$$

теңдемеси үчүн, мында $a(x,y), b(x,y), c(x,y), \chi(y)$ – төмөнкү шарттарды:

$$\chi(h)=x_0>0, \chi(0)=\ell>0, p>0,$$
$$\forall y\in[0,h]: x_0\le\chi(y)\le\ell, \chi'(y)\le 0 \qquad (2)$$

канаатандырган берилген функциялар, төмөнкү маселе окуп изилденген.



1-сүрөт.

2.1.1-маселе: D аймагында (1) теңдемни жана:

$$u(0,y)+\int_0^{\chi(y)} P(x,y)u(x,y)\,dx=\varphi_1(y),\ 0\le y\le h, \tag{3}$$

$$u(\chi(y),y)+\int_0^{\chi(y)} Q(x,y)u(x,y)dx=\varphi_2(y),\ 0\le y\le h, \tag{4}$$

$$u(x,0)=\tau(x),\ 0\le x\le \ell, \tag{5}$$

шарттарды, мында $P(x,y), Q(x,y), \varphi_1(y), \varphi_2(y), \tau(x)$ – берилген функциялар, болгондо да

$$\tau(0)+\int_0^{\ell} P(x,0)\tau(x)\,dx=\varphi_1(0),\ 0\le x\le \ell, \tag{6}$$

канааттандырган $u(x,y)\in C(\overline{D})\cap C^{2+1}(D)$ функциясын табуу керек.

$P(x,y)\equiv Q(x,y)\equiv 0$ болгон тучурда 2.1.1-маселе (1) теңдеме үчүн биринчи чектик маселеге келтирилет. Белгилеп кетчү нерсе, (2) шарттан $x=\chi(y)$ функциясы y боюнча монотондуу өспөөчү функция болору келип чыгат. Чектик шарттардагы интегралдык мүчөлөр орточолонгон ченелүүчү чоңдуктардын бар экендигин билдирет.

2.1.1-маселени чечүү үчүн оболу

$$L[u]\equiv u_{xxy}-y^p u_y = f(x,y),(x,y)\in D \tag{7}$$

теңдемеси үчүн

$$u(0,y)=g_1(y),\ u_x(0,y)=g_2(y),\ \ 0\le y\le h,\quad u(x,0)=\tau(x),\ 0\le x\le \ell, \tag{8}$$

мында $g_1(y), g_2(y)$ – $C^1[0,h]$ классындагы функциялар, болгондо да $\tau(0)=g_1(0)$, $\tau'(0)=g_2(0)$, шарттары менен берилген жардамчы маселени карайбыз.

$$\vartheta L(u)-uL^*(\vartheta)=(\vartheta u_{\xi\eta}+\vartheta_{\xi\eta}u)_\xi-(\vartheta_\xi u_\xi+\eta^p\vartheta u)_\eta$$

теңдештигин интегралдоо жана Гриндин формуласын эсепке алуу менен (7) – (8) маселесинин чечиминин көрсөтүлүшүнө ээ болобуз:

$$\begin{aligned}u(x,y)&=\tau(x)+\vartheta_\xi(x,y;0,y)g_1(y)-\vartheta(x,y;0,y)g_2(y)-\tau(0)+x\tau'(0)-\\&-\int_\delta^y\left[\vartheta_{\xi\eta}(x,y;0,\eta)g_1(\eta)-\vartheta_\eta(x,y;0,\eta)g_2(\eta)\right]d\eta-\int_0^x d\xi\int_0^y \vartheta(x,y;\xi,\eta)f(\xi,\eta)d\eta,\end{aligned} \tag{9}$$

мында $\vartheta(x,y;\xi,\eta)$ функциясы төмөнкү жалгаштыруу маселесинин чечими катары аныкталат:

$$L^*[\vartheta]\equiv \upsilon_{\xi\xi\eta}+(\eta^p\vartheta)_\eta=0,\ (x,y)\in D,\ (\xi,\eta)\in D,(\xi,\eta)\in D^*,\ \ D^*=\{(\xi,\eta):0<\xi<x,0<\eta<y\}$$

$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)\big|_{\xi=x}=\vartheta(x,y;x,\eta)=0,\ (x,y)\in D,\eta\in[0,y],$$

$$\vartheta_\xi(x,y;\xi,\eta)\big|_{\xi=x}=\vartheta_\xi(x,y;x,\eta)=1,\ (x,y)\in D,\eta\in[0,y],$$

$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)\big|_{\eta=y}=\omega(x,y;\xi),\ (x,y)\in D,\xi\in[0,x],$$

бул жерде $\omega(x,y;\xi)$ функциясы $\eta=y$ сызыгын бойлото

$$\begin{cases}\vartheta_{\xi\xi}(x,y;\xi,y)-y^p\vartheta(x,y;\xi,y)=0,\ \ 0<\xi<x,\\ \vartheta(x,y;\xi,y)\big|_{\xi=x}=\vartheta(x,y;x,y)=0,\ \ \vartheta_\xi(x,y;\xi,y)\big|_{\xi=x}=\vartheta_\xi(x,y;x,y)=1\end{cases}$$

баштапкы берилиштери менен берилген маселенин чечими катары аныкталат.

Көрсөтүлгөн маселелердин чечимдерин айкын түрдө тургузууга болот:

$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)=\eta^{-p/2}sh[\eta^{p/2}(\xi-x)],\ \ \omega(x,y;\xi)=y^{-p/2}sh[y^{p/2}(\xi-x)].$$

$f(x,y)\equiv -a(x,y)u_x-b(x,y)u_y-c(x,y)u$ деп алып (9) дан төмөндөгүгө ээ болобуз:

$$u(x,y)=u_0(x,y)+A_1(x,y)g_1(y)+B_1(x,y)g_2(y)+\int_{\delta}^{x}C_1(x,y;\xi)u(\xi,\eta)d\xi+$$
$$+\int_0^y[A_2(x,y;\eta)g_1(\eta)+B_2(x,y;\eta)g_2(\eta)]d\eta+\int_0^x d\xi\int_0^y C_2(x,y;\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\eta, \quad (10)$$

мында $u_0(x,y)$, $A_2(x,y;\eta)$, $B_2(x,y;\eta)$, $C_2(x,y;\xi,\eta)$ – дегендер $\vartheta(x,y;\xi,\eta)$ жана теңдеменин коэффициенттери аркылуу туюнтулуучу белгилүү функциялар.

(3) жана (4) шарттарынан пайдаланып (10) дан мына муну алабыз:

$$H_{i1}(y)g_1(y)+H_{i2}(y)g_2(y)=\Phi_i(y)+\int_0^y[H_{i3}(y,\eta)g_1(\eta)+H_{i4}(y,\eta)g_2(\eta)]d\eta+$$
$$+\int_0^{\chi(y)}H_{i5}(y,\xi)u(\xi,y)d\xi+\int_0^{\chi(y)}d\xi\int_0^y H_{i6}(y,\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\eta,\ i=1,2, \quad (11)$$

мында $H_{ij}\,(i=\overline{1,2},\ j=\overline{1,6})$, $\Phi_i\,(i=1,2)$ – берилген функциялар, алар $\vartheta(x,y;\xi,\eta)$ жана 2.1.1 маселесинин берилиштери аркылуу туюнтулушат.

Ошентип, 2.1.1 маселесинин чечилиши эквиваленттик түрдө (10) жана (11) теңдемелердин системасын чечүүгө келтирилет, ал система $u(x,y), g_1(y), g_2(y)$ функцияларына карата теңдемелердин туюк системасын берет. Эгерде

$$\Delta=H_{11}(y)H_{22}(y)-H_{12}(y)H_{21}(y)\neq 0, \quad (12)$$

шарты аткарылса, анда (11) – система жалгыз чечимге ээ болуучу Вольтерра тибиндеги интегралдык теңдемелердин системасы болот.

Айрым учур катары, $P(x,y)=Q(x,y)=0$ болгон учурда $\Delta=B_1(\chi(y),y)=$ $=-\vartheta(\chi(y),y;0,y)$ экенине ээ болобуз. $\forall y\in[0,h]: 0<x_0\le\chi(y)\le\ell$ болгондуктан $\vartheta(\chi(y),y;0,y)>0$ болот. Демек, $\Delta\neq 0$.

Ошентип төмөнкү теорема далилденди.

2.1-теорема. Эгерде (2), (6) жана (12) шарттары аткарылса, анда 2.1.1 маселесинин чечими жашайт жана жалгыз.

2.2 бөлүмүндө $x=0,-h_1\le y\le h,\ (h_1,h>0)$, $y=\sigma(x),\ 0\le x\le\ell$, $h_2=-\sigma(\ell)$, $x=\ell,\ -h_2\le y\le 0\,(h_1\ge h_2)$, $x=\chi(y),\ 0\le y\le h$, $y=h,\ 0\le x\le x_0=\chi(h)$ сызыктары менен чектелген D аймагында (2-сүрөт)

$$L_1(u)\equiv u_{xxy}-y^P u_y+a_1u_x+b_1u_y+c_1u=0,\ (x,y)\in D_1=D\cap(y>0), \quad (13)$$

$$L_2(u)\equiv u_{xyy}-a_2u_x+b_2u_y+c_2u=0,\ (x,y)\in D_2=D\cap(y<0), \quad (14)$$

теңдемеси үчүн жалгаштыруу маселесин карайбыз, мында $p>0,\ a_i,b_i,c_i\ (i=1,2)$, $\chi(y),\ \sigma(x)$ – функциялары

$$\forall y\in[0,h]: x_0\le\chi(y)<\ell,\ \chi'(y)\le 0,\chi(0)=\ell,\ \forall x\in[0,\ell]: -h_1\le\sigma(x)\le -h_2,\ \sigma'(x)\ge 0,\sigma(0)=-h_1. \quad (15)$$

шарттарын канааттандырган берилген функциялар.

2.2.1-маселе. D_1 жана D_2 аймактарында тиешелүү түрдө (13) жана (14) теңдемелерин,

$$u(0,y)+\int_0^{\chi(y)}P(x,y)u(x,y)dx=\varphi_1(y),\ 0\le y\le h,$$
$$u(\chi(y),y)+\int_0^{\chi(y)}Q(x,y)u(x,y)dx=\varphi_2(y),\ 0\le y\le h, \quad (16)$$

локалдык эмес шарттарын жана

$$u(0,y)=\varphi_3(y),\ -h_1\le y\le 0,\ u(x,\sigma(x))=\psi(x),\ 0\le x\le\ell, \quad (17)$$

мында, $P(x,y),\ Q(x,y),\varphi_i(y)\ (i=\overline{1,3}),\psi(x)$ – берилген



Рис. 2.

функциялар, чектик шарттарын канааттандырган $u(x,y)\in C(\overline{D})\cap C^1(D)\cap$ $\cap\left[C^{2+1}(D_1)\cup C^{1+2}(D_2)\right]$ функциясын табуу керек.

Мейли

$$u(x,0)=\tau(x),\ u_y(x,0)=\nu(x),\ \ 0\le x\le \ell, \tag{18}$$

болсун, мында $\tau(x),\nu(x)$ – азырынча белгисиз функциялар.

2.2.1-маселени чечүү үчүн мындайча киришебиз. y ти нөлгө умтултуу менен (13) теңдемеден мына буга ээ болобуз

$$\nu''(x)+a_1(x,0)\tau'(x)+b_1(x,0)\nu(x)+c_1(x,0)\tau(x)=0,\ 0\le x\le \ell\,, \tag{19}$$

$\tau(x)=u(x,0),\ \nu(x)=u_y(x,0)$ – азырынча белгисиз функциялар.

(19) теңдемени 0 дөн x ке чейинки пределдерде x боюнча эки жолу интегралдап төмөнкү катышты алабыз

$$\nu(x)=\nu_1(x)+r(x)\nu'(0)+\int_0^x K_2(x,\xi)\tau(\xi)d\xi\,, \tag{20}$$

мында $\nu'(0)$ – белгисиз константа, $\nu_1(x),\ r(x),\ K_2(x,\xi)$ – булар 2.2.1 маселесинин берилиштери аркылуу туюнтулуучу берилген функциялар.

Экинчи жактан,

$$uL_2(u)-uL_2^*(\vartheta)=(-\vartheta_\eta u_\eta+a_2\vartheta u)_\xi-(-\vartheta u_{\xi\eta}-\vartheta_{\xi\eta}u-b_2\vartheta u)_\eta\,,$$

теңдештигин $D_2^*=\{(\xi,\eta):0<\xi<x,\ y<\eta<0\}$ аймагы боюнча интегралдап, алынган ийри сызыктуу интегралдарды D_2^* аймагынын чек аралары боюнча эсептеп, (17) жана (18) шарттарын эсепке алуу менен 2.2.1 маселесинин чечиминин көрсөтүлүшүн алабыз:

$$\begin{aligned}u(x,y)&=\vartheta_\eta(x,y;x,0)\tau(x)-\vartheta(x,y;x,0)\nu(x)+\Phi_1(x,y)+\\&+\int_0^x V_1(x,y;\xi)\tau(\xi)d\xi+\int_0^x \vartheta_\xi(x,y;\xi,0)\nu(\xi)d\xi,\ (x,y)\in D_2,\end{aligned} \tag{21}$$

мында $\Phi_1(x,y),\ V_1(x,y)$ – берилген функциялар, $\vartheta(x,y;\xi,\eta)$ – болсо, төмөнкү жалгаштыруу маселесинин чечими болот:

$$L_2^*(\vartheta)\equiv-\vartheta_{\xi\eta\eta}-(a_2\vartheta)-(b_2\vartheta)+c_2\vartheta=0,\ \ \vartheta(x,y;\xi,\eta)\big|_{\eta=y}=0,\ \ \vartheta_\eta(x,y;\xi,\eta)\big|_{\eta=y}=1,\ 0\le\xi\le x,$$

$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)\big|_{\xi=x}=\omega_2(x,y;\eta),\ \ y\le\eta\le 0,$$

ал эми а $\omega_2(x,y;\eta)$ – төмөнкү маселенин чечими катары аныкталат

$$\vartheta_{\eta\eta}(x,y;x,\eta)+a_2(x,\eta)\vartheta(x,y;x,\eta)=0,\quad \vartheta(x,y;x,\eta)\big|_{\eta=y}=0,\ \vartheta_\eta(x,y;x,\eta)\big|_{\eta=y}=1.$$

(20) жана (21) ден $\nu(x)$ ти жоготуп төмөндөгүнү алабыз

$$u(x,y)=\vartheta_\eta(x,y;x,0)\tau(x)+\int_0^x V_2(x,y;\xi)\tau(\xi)d\xi+\Phi_2(x,y)+r_1(x)\nu'(0)\,, \tag{22}$$

мында $V_2(x,y,\xi),\ \Phi_2(x,y),\ r_1(x)$ – берилген функциялар.

(17) нин экинчи чек аралык шартын пайдаланып (22)ден мына буга ээ болобуз

$$\vartheta_\eta(x,\sigma(x);\ x,0)\tau(x)=-\int_0^x V_2(x,\sigma(x);\ \xi)\tau(\xi)d\xi+\psi_1(x)-r_1(x)\nu'(0), \tag{23}$$

мында $\psi_1(x)=\psi(x)-\Phi_2(x,\sigma(x))$.

Эгерде

$$\forall x\in[0,\ell]:\ \vartheta_\eta(x,\sigma(x);x,0)\ne 0, \tag{24}$$

болсо, анда (23) теңдемени төмөнкү көрүнүштө жазып алабыз

$$\tau(x)=\psi_2(x)+r_2(x)\nu'(0)+\int_0^x V_3(x,\xi)\tau(\xi)d\xi, \tag{25}$$

мында $\psi_2(x),\ r_3(x),\ V_3(x,\xi)$ – берилген функциялар.

(25) теңдемени тескерилентип төмөнкүнү алабыз

$$\tau(x)=\psi_3(x)+r_3(x)\nu'(0)\,, \tag{26}$$

мында $\psi_3(x)=\psi_2(x)+\int_0^x R_2(x,\xi)\psi_2(\xi)d\xi,\quad r_3(x)=r_2(x)+\int_0^x R_2(x,\xi)r_2(\xi)d\xi,\quad R_2(x,\xi)$ – болсо $V_3(x,\xi)$ ядросунун резольвентасы. (16) нын экинчи шартынан мына бул макулдашуу шарты келип чыгарын байкоо кыйын эмес

$$\tau(\ell)+\int_0^\ell Q(x,0)\tau(x)dx=\varphi_2(0). \tag{27}$$

Эгерде

$$r=r_3(\ell)+\int_0^\ell Q(x,0)\,r_3(x)dx\neq 0, \tag{28}$$

болсо, анда (26) дан (27), (28) дерди эске алуу менен төмөндөгүнү табабыз

$$\nu'(0)=\frac{1}{r}\left[\varphi_2(0)-\psi_2(\ell)-\int_0^\ell Q(x,0)\psi_2(x)dx\right] \tag{29}$$

(29) дагы $\nu'(0)$ тин маанисин (29) га ордуна коюу менен белгисиз $\tau(x)$ функциясын биротоло таап алабыз. Анда (20) формуладан $\nu(x)$ ти да табабыз.

(21) көрсөтүлүшүндө $\tau(x)$ жана $\nu(x)$ тердин табылган мааанилерин ордуна коюу менен D_2 аймагында 2.2.1 маселесинин чечимин алабыз.

$\tau(x)$ ти аныктагандан кийин 2.2.1 маселесин чечүү, 2.1.1 бөлүмүндөгүдөй эле, төмөнкү көрүнүштөгү теңдемелер системасынын чечилишине келтирилет

$$H_{i1}(y)g_1(y)+H_{i2}(y)g_2(y)=\Phi_i(y)+\int_0^y\left[H_{i3}(y,\eta)g_1(\eta)+H_{i4}(y,\eta)g_2(\eta)d\eta\right]+$$
$$+\int_0^{\chi(y)}H_{i5}(y,\eta)u(\xi,y)d\xi+\int_0^{\chi(y)}d\xi\int_0^y H_{i6}(y,\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\eta,\quad i=1,2,$$

мында $u(0,y)=g_1(y), u_x(0,y)=g_2(y)$ ал эми $H_{ij}\,(i=1,2;\ j=\overline{1,6})$ – берилген функциялар, бул системанын чечимге ээ болушу

$$\forall y\in[0,h]:H_{11}(y)H_{22}(y)-H_{12}(y)H_{21}(y)\neq 0. \tag{30}$$

шарты аткарылган учурда болот.

Ошентип мына бул теорема далилденди.

2.2.1-теорема. Эгерде (15), (24), (28), (30) шарттары аткарылса, анда 2.2.1 маселесинин чечими жашайт жана жалгыз.

2.3 бөлүмүндө $D=\{(x,y):0<x<+\infty,\ 0<y<h\}$ аймагында

$$u_{xxx}-u_{xy}+c(x,y)u=f(x,y)\,, \tag{31}$$

теңдемени карайбыз, мында $c(x,y),\ f(x,y)$ – берилген функциялар.

(31) теңдеме [1] эмгегиндеги классификация боюнча чоң туундуларга карата биринчи каноникалык түргө тиешелеш келет, анткени мүнөздөмөлөр теңдемеси үч эселүү бир $y=0$ мүнөздөмөсүнө ээ, ошондуктан бул теңдеме көбүнчө эселүү мүнөздөмөлүү теңдеме деп аталат [1]. Бирок, u_{xy} мүчөсүнүн болгондугунан улам, маселенин коюлушу жана (1) теңдемесинин чечиминин касиеттери параболалык теңдемелерге окшош.

2.2.1-маселе. D аймагында (31) теңдемесинин үзгүлтүксүз жана u_x туундусу менен кошо чектелген,

$$u(0,y)=\varphi(y),\ 0\le y\le h\qquad , \tag{32}$$

$$u(x,0)=\tau(x),\ 0\le x<+\infty\ , \tag{33}$$

$$\int_0^{\alpha} u(x,y)\,dx=E(y),\ 0\le y\le h,\ \alpha=const>0, \tag{34}$$

шарттарын канааттандырган, мында $\varphi(y),\ \tau(x),\ E(y)$ – берилген функциялар, болгондо да

$$c(x,y),\ f(x,y)\in C(\overline{D}),\ E(y),\ \varphi(y)\in C^1[0,h],\quad \tau(x)\in C^3[0,+\infty)\ , \tag{35}$$

$$\int_0^{\alpha}\tau(x)\,dx=E(0),\quad \tau(0)=\varphi(0), \tag{36}$$

чечимин табуу керек.

Мындай белгилөөнү киргизебиз

$$u_x(x,y)=\vartheta(x,y)\ . \tag{37}$$

Мейли

$$u_x(0,y)=\theta(y)\ , \tag{38}$$

болсун, мында $\theta(y)$ – азырынча белгисиз функция. Анда, задача 2.1.2 маселеси төмөнкү маселеге келтирилет

$$\begin{cases}\vartheta_{xx}-\vartheta_y=F(x,y),\\ \vartheta(0,y)=\theta(y),\ 0\le y\le h,\ \vartheta(x,0)=\tau(x),\ 0\le x<+\infty,\end{cases} \tag{39}$$

мында $F(x,y)=f(x,y)-c(x,y)u$.

$G(x,y;\xi,\eta)=\dfrac{1}{2\sqrt{\pi(y-\eta)}}e^{-\frac{(x-\xi)^2}{4(y-\eta)}}$ функциясын колдонуу менен жана (39) маселенин чечиминин негизинде төмөнкүнү алабыз

$$\begin{aligned}u(x,y)=\Phi_0(x,y)&+\int_0^x ds\int_0^y G_{\xi}(s,y;0,\eta)\,\theta(\eta)d\eta-\\ &-\int_0^x ds\int_0^y d\eta\int_0^{+\infty}G(s,y;\xi,\eta)c(\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi,\end{aligned} \tag{40}$$

мында $\Phi_0(x,y)$ белгисиз функция. (40) катышты Абельдин теңдемеси катары $\theta(y)$ ке салыштырмалуу тескерилентүү (обращая) менен төмөнкүгө ээ болобуз

$$\begin{aligned}\theta(y)=\theta_0(y)&+\int_0^y H_1(y,\eta)\theta(\eta)d\eta+\int_0^y d\eta\int_0^{\alpha}H_2(y,\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi+\\ &+\int_0^y d\eta\int_0^{+\infty}H_3(y,\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi,\end{aligned} \tag{41}$$

мында $\theta_0(y)=\dfrac{1}{\pi}\int_{\eta}^{y}\dfrac{E_1'(t)}{\sqrt{y-t}}dt,$ а $H_1(y,\eta),\ H_2(y,\xi,\eta),\ H_3(y,\xi,\eta)$ – теңдеменин коэффициент-тери жана $G(x,y;\xi,\eta)$ функциясы аркылуу туюнтулуучу, төмөнкү баалоолорду канааттандыруучу берилген функциялар:

$$|H_1(y,\eta)|\le\frac{C_1}{\sqrt{y-\eta}},\qquad |H_2(y,\xi,\eta)|\le\frac{C_2}{\sqrt{y-\eta}},\qquad |H_3(y,\xi,\eta)|\le\frac{C_3}{\sqrt{y-\eta}},\qquad 0\le x\le\beta,\quad \beta>>0,$$

$$|H_3(y,\xi,\eta)|\le\frac{C_4}{\sqrt{y-\eta}}e^{-\frac{\xi^2}{4(y-\eta)}},\ x>\beta\ .$$

(41) теңдемесин Вольтерранын күчсүз өзгөчөлүккө ээ болгон экинчи түрдөгү теңдемеси катары $\theta(y)$ ке карата тескерилентүү менен төмөнкүгө ээ болобуз

$$\theta(y)=\theta_1(y)+\int_0^y d\eta\int_0^{\alpha}T_1(y,\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi+\int_0^y d\eta\int_0^{+\infty}T_2(y;\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi, \tag{42}$$

мында $T_1(y;\xi,\eta),\ T_2(y;\xi,\eta)$, $\theta_1(y)$ – белгилүү функциялар, ал эми $R(y,t)$ – болсо $H_1(y,\eta)$ ядросунун резольвентасы. (42) дан $\theta(y)$ ти (40) ке ордуна коюу менен мына муну алабыз

$$u(x,y)=\Phi_1(x,y)+\int_0^y d\eta\int_0^\alpha K_1(x,y;\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi+\int_0^y d\eta\int_0^{+\infty} K_2(x,y;\xi,\eta)u(\xi,\eta)d\xi, \quad (43)$$

мында $K_1(x,y;\xi,\eta),\ K_2(x,y;\xi,\eta),\ \Phi_1(x,y)$ – берилген функциялар.

(43) теңдеме экинчи түрдөгү Вольтерра тибиндеги интегралдык теңдемени берет, анын жалгыз чечиминин жашашы удаалаш жакындаштыруу методу менен далилденет.

Ошентип төмөнкү теорема орун алат.

2.2.1-теорема. Эгерде (35) жана (36) шарттары орун алган болсо, анда 2.2.1 маселесинин жалгыз үзгүлтүксүз жана чектелген чечими жашайт.

3.1 бөлүмүндө $D=\{(x,y):0<x<\ell,\ -h_1<y<h\}$ $(\ell,h,\ h_1>0)$ аймагында

$$L_1(u)\equiv u_{xxx}-u_{xy}=0,\quad (x,y)\in D_1=D\cap(y>0) \quad (44)$$

$$L_2(u)\equiv u_{xxy}+a_2u_{xx}+b_2u_{xy}+c_2u_x+d_2u_y+e_2u=0,\ (x,y)\in D_2=D\cap(y<0) \quad (45)$$

теңдемелери үчүн, мында $a_2,\ b_2, d_2,\ c_2, e_2$ – дегендер

$$\begin{aligned}&a_2\in C(\overline{D}_2)\cap C^{2+0}(D_2), b_2\in C(\overline{D}_2)\cap C^{1+1}(D_2),\\ &c_2\in C(\overline{D}_2)\cap C^{1+0}(D_2),\ d_2\in C(\overline{D}_2)\cap C^{0+1}(D_2)\ e_2\in C(\overline{D}_2),\end{aligned} \quad (46)$$

жылмакайлык шарттарын канаатандыруучу берилген функциялар, мына бул маселе изилденет:

3.1.1 маселе. *D_1 жана D_2 аймактарында тиешелүү түрдө (44) жана (45) теңдемелери,*

$$u(0,y)=\varphi_1(y),\ u_x(0,y)=\varphi_2(y),\ u(\ell,y)=\varphi_3(y),\ 0\le y\le h, \quad (47)$$

$$u(0,y)=\chi_1(y),\ u_x(0,y)=\chi_2(y),\quad -h_1\le y\le 0, \quad (48)$$

чектик шарттарын жана

$$u(x,-0)=u(x,+0),\ u_y(x,-0)=u_y(x,+0),\ 0\le x\le \ell, \quad (49)$$

жалгаштыруу шарттарын канааттандыруучу, мында $\varphi_i(y)\ (i=1,3),\ \chi_j(y)\ (j=1,2)$ – дегендер

$$\varphi_1(y),\ \varphi_3(y)\in C^2[0,h],\ \varphi_2(y)\in C^1[0,h],\ \chi_i(y)\in C^1[-h_1,0]\ (i=1,2) \quad (50)$$

жылмакайлык шарттарын жана

$$\varphi_1(0)=\chi_1(0),\ \varphi_1'(0)=\chi_1'(0),\ \varphi_2(0)=\chi_2(0). \quad (51)$$

макулдашуу шарттарын канааттандыруучу берилген жылмакай функциялар.

2.1 бөлүмүндө белгиленип кеткендей, (44) теңдемеси $y=0$ чыныгы мүнөздөмөсүнө ээ болгон эселүү мүнөздөмөлүү теңдеме деп аталат. (45) теңдемеси көбүнчө псевдопараболалык деп да аталат. Бул теңдеме эки эселүү $y=0$ чыныгы мүнөздөмөсүнө ээ, андыктан теңдеме эки эселүү $y=0$ чыныгы мүнөздөмөсүнө жана бир эселүү $x=0$ мүнөздөмөсүнө ээ. Ошондуктан 3.1.1 маселесинде $y=0$ сызыгы эки теңдемеге тең эки эселүү мүнөздөмө болот.

Мындай $u(x,-0)=u(x,+0)=\tau(x),\ u_y(x,-0)=u_y(x,+0)=\nu(x),\ 0\le x\le\ell,$ белгилөөлөрдү киргизебиз, мында $\tau(x),\ \nu(x)$ – азырынча белгисиз функциялар.

(44) теңдемени

$$u_{xx}-u_y=\omega(y)-\varphi_1'(y), \quad (52)$$

көрүнүншүндө жазып алып, мында $\omega(y)$ – белгисиз функция, анан $y\to 0$ учурда $\tau(x)$ жана $\nu(x)$ тин ортосундагы функционалдык катышка ээ болобуз:

$$\tau''(x)-\nu(x)=\omega(0)-\varphi_1'(0). \quad (53)$$

$\tau(x)$ менен $\nu(x)$ тин ортосундагы экинчи функционалдык катышты алуу үчүн төмөнкү жардамчы маселени карайбыз: *(45) теңдемени, (58) чектик шарттарын жана* $u(x,0)=\tau(x),\ 0\le x\le \ell.$ *баштапкы шартын канаатандыруучу* $u(x,y)\in C^1(\overline{D}_2)\cap \cap C^{1+1}(D_2)\cap C^{2+1}(D_2)$ *функциясын табуу керек.*

2.1 бөлүмүндө колдонулган түйүндөш маселелер методу менен жардамчы маселенин чечиминин көрүнүшүн мына мындай көрүнүштө алабыз

$$u(x,y)=\vartheta_\xi(x,y;x,0)\tau(x)+\int_0^x A_1(x,y;\xi)\tau(\xi)d\xi+$$
$$+\int_0^y\left[b_1(x,y;\eta)\chi_1'(\eta)-\vartheta(x,y;0,\eta)\chi_2'(\eta)+C_1(x,y;\eta)\chi_2(\eta)+E_1(x,y;\eta)\chi_1(\eta)\right]d\eta, \quad (54)$$

мында $A_1(x,y;\xi),\ B_1(x,y;\eta),\ C_1(x,y;\eta),\ E_1(x,y;\eta)$ – берилген функциялар, ал эми $\vartheta(x,y,\xi,\eta)$ функциясы – төмөнкү маселенин чечими болот:

$$L^*_{2(\xi,\eta)}(\vartheta(x,y;\xi,\eta))\equiv-\vartheta_{\xi\xi\eta}+(a_2\vartheta)_{\xi\xi}+(b_2\vartheta)_{\xi\eta}-(c_2\vartheta)_\xi-(d_2\vartheta)_\eta+e_2\vartheta=0,$$
$$(\xi,\eta)\in D_2^*=\{(x,y):0<\xi<x,\ y<\eta<0\},$$
$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)|_{\xi=x}=0,\ \ \vartheta_\xi(x,y;\xi,\eta)|_{\xi=x}=\exp\left(\int_y^\eta a_2(x,t)dt\right),\ y\le\eta\le 0; \quad (55)$$
$$\vartheta(x,y;\xi,\eta)|_{\eta=y}=\theta_1(x,y;\xi),\ 0\le\xi\le x,$$

мында $\theta_1(x,y;\xi)$ – төмөнкү баштапкы маселенин чечими катары бир маанилүү түрдө аныкталат:

$$\vartheta_{\xi\xi}(x,y;\xi,y)-[b_2(\xi,y)\vartheta(x,y;\xi,y)]_\xi+d_2(\xi,y)\vartheta(x,y;\xi,y)=0,\ 0<\xi<x,$$
$$\vartheta(x,y;\xi,y)\Big|_{\xi=x}=0,\ \vartheta_\xi(x,y;\xi,y)\Big|_{\xi=x}=1.$$

(46) шарт аткарылган учурда (55) теңдеменин бир маанилүү чечилиши интегралдык теңдемелер ыкмасы менен көрсөтүлөт.

$u(x,y)$ ден y боюнча туундуну эсептеп, (54) формуланы пайдалануу менен, андан соң y ти нөлгө умтултуп $\tau(x)$ менен $\nu(x)$ тин ортосундагы катышка ээ болобуз

$$\nu(x)=\vartheta_{\xi y}(x,0;x,0)\tau(x)+\int_0^x A_{1y}(x,0;\xi)\tau(\xi)d\xi+g_1(x), \quad (56)$$

мында $g_1(x)=B_1(x,0,0)\chi_1'(0)-\vartheta(x,0;0,0)\chi_2'(0)+C_1(x,0,0)\chi_2(0)+E_1(x,0,0)\chi_1(0).$

(57) жана (60) тан $\nu(x)$ ти жоготуп төмөнкүнү алабыз

$$\tau''(x)=\omega(0)+a_1(x)\tau(x)+\int_0^x\tilde{A}_1(x,\xi)\tau(\xi)d\xi+\tilde{g}_1(x), \quad (57)$$

мында $\tilde{g}_1(x)=g_1(x)-\varphi_1'(0),\ a_1(x)=\vartheta_{\xi y}(x,0;x,0),\ \ \tilde{A}_1(x,\xi)=A_{1y}(x,0;\xi),$ ал эми $\omega(0)$ – белгисиз константа.

(57) теңдеменин $\tau(0)=\chi_1(0),\ \tau'(0)=\chi_2(0)$ баштапкы шарттары учурундагы чечимин мына мындай көрүнүштө көрсөтөбүз

$$\tau(x)=\frac{1}{2}\omega(0)x^2+\int_0^x A_2(x,\xi)\tau(\xi)d\xi+g_2(x), \quad (58)$$

мында $A_2(x,\xi),\ \ g_2(x)$ – берилген функциялар. $\omega(0)$ белгисиз турактуусун $\tau(\ell)=\varphi_2(0)$ макулдашуу шартынан аныктайбыз. Анда (58) ден $\tau(x)$ үчүн төмөнкү интергалдык теңдемени алабыз:

$$\tau(x) = g_3(x) + \int_0^x A_2(x,\xi)\tau(\xi)d\xi - \frac{x^2}{\ell^2}\int_0^\ell A_2(\ell,\xi)\tau_1(\xi)d\xi \qquad (59)$$

мында $g_3(x) = g_2(x) + \frac{1}{\ell^2}[\varphi_2(o) - g_2(e)]x^2$. (40) теңдеменин вольтердик бөлүгүн тескерилентkенден кийин Фредгольмдун экинчи түрдөгү теңдемесине келебиз

$$\tau(x) = g(x) + \int_0^\ell H(x,\xi)\tau(\xi)d\xi, \qquad (60)$$

мында $H(x,\xi),\, g(x),\, R(x,t)$ – белгисиз функциялар, ал эми $R(x,t), A_2(x,t)$ ядросунун резольвентасы.

Интегралдык теңдемелердин жалпы теориясына ылайык, эгерде

$$\ell H < 1, \qquad (61)$$

болсо, мында $H = \max\limits_{0\le x,\xi\le\ell}|H(x,\xi)|$, анда (60) теңдемеси жалгыз чечимге ээ болот.

D_1 аймагында 3.1.1 маселесин чечүү Грин функциясынын методу аркылуу ишке ашырылат.

3.1.1-теорема. Эгерде (46), (50), (51) жана (61) шарттары орун алса, анда 3.1.1 маселесинин чечими жашайт жана жалгыз.

3.2 бөлүмүндө

